*Сайпидинов Б.Р.*

# ЭРЕЖЕ – КЫРГЫЗ ЭЛИНИН АДАТ УКУГУНУН НЕГИЗГИ БУЛАГЫ

*Сайпидинов Б.Р.*

# ПРАВИЛО – ОСНОВНОЙ ИСТОЧНИК ОБЫЧНОГО ПРАВА КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

*B.R. Saipidinov*

# RULES ARE THE MAIN SOURCE OF THE CUSTOMARY LAW OF THE KYRGYZ PEOPLE

*УДК: 342.55(575.2)(5)*

*Эреженин укук булагы катары негизги мааниси анын байыркы укуктук ченемдерге караганда кыргыз элинин адат укуктарындагы өзгөрүүлөрдү өз убагында, даана чагылдыргандыгында. Бийлердин өзгөчө съездинде кабыл алынган эреженин XIX кылымдын аягындагы кыргыз элинин саясий-укуктук абалын жана адат укуктарынын ченемдерин изилдөөдө мааниси абдан чоң. Эреженин негизги укуктук жоболорун окуп-үйрөнүү XIX кылымдын аягындагы, XX кылымдын башындагы кыргыздардын никелик-үйбүлөлүк, кылмыштык, мүлктүк мамилелерин, ошондой эле сотту уюштуруунун жана сот өндүрүшүнүн маселелерин чечүүдө колдонулуучу каада-укуктук нормалар жөнүндөгү толук элестөөлөрдү берет. Бүгүнкү күндөгү жана келечектеги көптөгөн көйгөйлөрдү чечүүдө чоочун салттарды жана тажрыйбаны механикалык түрдө өздүк кылуу гана эмес, өздүк тарыхты көңүл коюп окуп-үйрөнүү да жардам берет. Макалада эреженин кыргыз бийлеринин соттук өндүрүшүндөгү өзгөчөлүктөрү жана ролу каралган.*

***Негизги сөздөр:*** *эреже, адат укугу, ырым-жырым, токтом, мыйзам, канон, бийлердин отуруму, аймак.*

*Важное значение правила как источника права состоит в том, что оно правильно отражает происходившие изменения в нормах кыргызского обычного права по сравнению с его древнейшими нормами. Правила чрезвычайных съездов биев имеют важное значение для исследований норм обычного права и политико-правового положения кыргызского народа в конце XIX в. Изучение основных правовых положений эреже дает полное представление об обычно-правовых нормах, которые использовались в решении таких вопросов как брачно-семейные, уголовные, имущественные отношения, а также организации судебного процесса и судопроизводства кыргызского народа в конце XIX начале XX. В решении многих нынешних и будущих проблем тщательное изучение своей собственной истории помогает не меньше чем механическое использование чужих традиций и опыта. В статье рассматриваются особенности и роль правила в судопроизводстве кыргызских биев.*

***Ключевые слова**: правило, обычное право, ритуал, постановление, закон, канон, съезд биев, уезд.*

*The importance of the rule as a source of law is that it correctly reflects the changes that have taken place in the norms of Kyrgyz customary law in comparison with its oldest norms. The era of extraordinary congresses of biys is important for studying the norms of customary law and the political and legal situation of the Kyrgyz people at the end of the XIX century. The study of the main legal provisions of rules give a complete picture of the customary legal norms that were used in solving such issues as marriage, family, criminal, property relations, as well as the organization of the judicial process and legal proceedings of the Kyrgyz people in the late XIX-early XX. In solving many current and future problems, a thorough study of your own history helps no less than the mechanical use of other people's traditions and experience. The article discusses the features and role of the rule in the legal proceedings of Kyrgyz biys (the leaders).*

***Key words:** rule, customary law, ritual, decree, law, canon, congress, region.*

Кыргыз коомчулугунда жүздөгөн жылдар аралыгында өз алдынча үстөмдүк кылышкан “бийлердин” жана “манаптардын” калыптануусунун жана ишмердүүлүгүнүн өзүнчө көрүнүштөгү принциптерине ээ болушкан социалдык топтору жашап жана аракеттенип келишкен. Кыргыз фольклоруна ылайык манап – аристократиялык катмардын өкүлү, ал соттук фукнцияга да ээ болуп, бардык кылмыш-жаза жана жарандык иштерди караган. Тарыхый материалдар кыргыздардын бийлеринин соту манаптардыкына караганда мурда пайда болгондугун далилдейт.

Өзүнүн мазмуну жана формасы боюнча Эреже жазылган мыйзамга жакындашат. Съезддерде ишти кароого киришүүнүн алдынан бийлер адат укугунун – адаттын алар иштерди чечүүдө жетекчиликке алууга милдеттүү болушкан түрдүү жоболорун бири-биринин эстерине салып турушкан, андан кийин өздөрү үчүн “Эрежени”, б.а. адат укугунун бардык ылайык келүүчү эрежелери жана токтомдору камтылган колдонмо токтомду түзүшкөн. Бул токтом соттор үчүн ушул съездде колдонуусу милдеттүү болгон мыйзам жоболорунун жыйнагы болуп калган.

Бийлердин өзгөчө съезди болжолдуу бир жылда бир, а кээде бир нече жыл өткөндөн соң чакырылган. Съезддин отурумдары бир нече айларга созулуп,адам өлтүрүү, барымта, уурулук, талап-тоноочулук ж.у.с. көп сандаган жарандык жана кылмыш-жаза иштерин карашкан. Мисалы, Ыссык-Көл уездинин Өзгөчө съезди 1887-жылдын 2-ноябрынан 9-декабрына чейин иштеп, 386 иш каралган [1, 402]. Көптөгөн "Эрежелерде" сот өндүрүшүнүн, жарандык жана кылмыш-жаза укуктары маселелери кеңири жазылган. Алсак, 1893-жылы Токмок съездиндеиштелип чыгылган "Эреже" 113 параграфтан туруп, анда сот алдында болуучулуктагы сот өндүрүшүнүн тартиби, кылмыштык куугунтуктоонун эскирүү мөөнөтү жана жазалоонун түрлөрү жана өлчөмдөрү ж.у.с. жөнүндөгү маселелер каралган. Токмок съездинин "Эрежесин" кандайдыр бир даражада"адат укугунун кичи жыйнагы" деп атоого болот жана аны адат укунун негизиги булагы деп эсептейбиз [2, 64-65-бб.].

Ошентип, кыргыз адат укугунун булактары болуп а) адат, б) бийдин бүтүмү жана "Эреже" саналышат. Революцияга чейинки мезгилдеги буржуазиялык изилдөөчүлөр көчмөн калктардын феодалдык адат укуктарын коомдун бардык мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын бирдей коргогон "таптык эмес", "жалпы элдик" укук катары кароо менен анын таптык маңызын бурмалашкан, аны тап жана таптык күрөш жок болгон уруулук мамиле стадиясынан чыга элек "калктын"укугу караты көрсөтүүгө умтулушкан. Мисалы, И.И. Крафт: "Кыргыздардын адат же каада укугу мурунку убакта алардын жашоосунун жөнөкөйлүгүнө жана патриархалдуулугуна ылайык келүүчү эң жөнөкөйлүгү менен айырмаланат"деп жазган. Буржуазиялык изилдөөчүлөрдүн кыргыз адатын (адат укугун) идеалдаштыруучу илимге каршы жоболору падыша бийлигинин колониалдык кызыкчылыктарына жооп берген. Кыргыз адаты башка элдердин адаты сыяктуу эле үстөмдүк кылган таптын эркин билдирген, алар тарабынан санкцияланган жана үстөмдүк кылган тапка пайдалуу жана ыңгайлуу болгон коомдук мамилелерди жана тартиптерди коргоо максатында мажбур тартипте камсыз кылынган юридикалык каада-салттардын жыйындысы. Кыргыз адат укугу манаптар, бийлер жана феодалдык-уруулук башчылардын башка өкүлдөрү тарабынан патриархалдык-феодалдык мамилелерди коргоо үчүн орнотулган жана санкцияланган. Адат бүтүндөй кыргыз укугунун негизги булагы болгон. Азыркы Кыргызстандын аймагында 1920-жылга чейин адат укугу системасы (адат) калыптанган. Калктын дээрлик баарынын сабатсыздыгынан улам ал оозеки формада жашаган. Адат укугу архаикалык мүнөздө болуп, бири-бирине карама-каршы келген кырдаалдардан турган. Анын нормалары көчмөндөрдүн жана малчылардын патриархалдык коомунун талаптарына ылайык келген. Кыргыздардын адаттык укуктук нормаларында бий-казылардын, уруу башчылардын макамын жана ордун аныктаган макал-лакаптар дайыма колдонулуп келген.

Россиянын карамагына өткөнгө чейин аймактык, уруулук бийлердин жана уруу башчыларынын талаш-тартыш маселелерин чечүү үчүн жыйналыш чакыргандан мурда конкреттүү кырдаалга карата адат укугу нормаларынын жетегинде иш алып баруу максатында атайын макулдашуу долбоору – эреже иштелип чыккан. Эреже кыргыз укуктарынын маанилүү булагы болуу менен XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башында бийлердин макулдугун көрсөткөн жана алардын жыйналышында өзгөчө оор маселелерди чечүү үчүн документ катары кызмат кылган. Кокусунан уюшулган бир же бир нече аймактын бийлеринин жыйналыштарында жарандык же кылмыш-жаза иштерин кароодо мүлктүк укуктар жана сот жараянынын жалпы негиздери иштелип чыккан. Бул иш кагазын жазуу түрүндө жазып, жыйналышка катышкан бардык бийлер кол тамгасын коюшкан. Андан кийин ошол эреже мыйзамдуу күчкө ээ болгон. Укук булагы катары болгон Эреженин эң чоң мааниси анын кыргыздын адат укугунун нормаларындагы байыркы нормалар менен салыштырмалуу болуп жаткан өзгөрүүлөрүн туура чагылдыргандыгында турат. Бийлердин өзгөчө съезддеринин Эрежеси XIX кылымдын аягында кыргыз элинин адат укугунун нормаларын жана саясий-укуктук абалын изилдөө үчүн олуттуу мааниге ээ. Өзгөчө съезддин Эрежесинин негизги укуктук жоболорун окуп-үйрөнүү XIX кылымдын аягындагы, XX кылымдын башындагы кыргыздардын никелик-үй-бүлөлүк, кылмыштык, мүлктүк мамилелерин, ошондой эле сотту уюштуруунун жана сот өндүрүшүнүн маселелерин чечүүдө колдонулуучу каада-укуктук нормалар жөнүндөгү толук элестөөлөрдү берет [4, 102-104-бб.]. Мазмунун жана формасы боюнча эреже жазылган мыйзамга жакын болуп эсептелет. Анткени бийлер өз жыйналыштарында кандайдыр бир ишти кароодон мурда бири-бирине кадимки укуктук жоболор – адаттарды эске салышып, андан соң жетектөөчү токтом – эреже кабыл алышкан.Анын ичине адат укугунун бардык эрежелери, нормалары камтылган. Бул токтом мыйзамдардын топтомун чагылдыруу менен ошол аймактын калкына кеңири тараган. Эрежени түзүү ыкмалары жөнүндө К.К.Пален өзүнүн отчетунда мындай деп жазат: "Жыйналышка келген бардык казылар өздөрүнүн арасынан төраганы жана анын жардамчысын шайлашкан. Эгер жыйналышка ар аймактан бий-казылар келсе, анда төрагалыкка бир аймактан, ал эми анын жардамчысына

экинчи аймактан талапкерлерди көрсөтүшкөн. Ушундай тартипте бий-казылардын баары эреже – нормалардын жыйнагын түзүүгө катышат. Бул эрежелерде бир эле соттук жараяндар эмес, мүлктүк жарандык жана кылмыш-жаза укуктары аныкталат" [4, 66-67-бб.]. Кыргыздардын адат укугун системага салуу бийлердин жыйналыштарында ишке жүзүнө ашкан. Анткени алар так ошол жыйналыштарда нормаларды иштеп чыгышкан. Кыргыз бийлеринин кезексиз съезддери жогорку даражадагы соттордун кызматын аткаруу менен аймактык жана уруулук соттордун чечимдерине макул болбогон арыздарды карашкан. Алар кылмыш-жаза жана жарандык укуктардын бузулуусун көзөмөлдөшкөн. Бийлердин кезексиз чакырылган съездинин убактысы жана өтүлүүчү жайы аныкталган соң, аймактык башкаруучулар белгилүү бир иштер боюнча адамдардын доо арыздарын топтошкон. Бийлер менен манаптар кыргыздардын саясий институттарынын тутумунда өзгөчө орунду ээлешип, маанилүү ролду аткарган. Дал ошондуктан акыркы жылдарда юридикалык коомчулук тарабынан бийлердин (аксакалдардын) сотун кайра калыбына келтирүү жөнүндөгү маселе көтөрүлүп жатат. Аларга административдик укук бузуулар жөнүндөгү анча маанилүү эмес иштерди, үй-бүлөлүк талаштарды ж.у.с. берүүгө болмок. Бийлерди өзгөчө сыйлуу, абройлуу аксакалдардын арасынан шайласа же дайындаса болот. Кыргыздардын мыйзам күчүнө ээ болгон укуктук каада-салттары укуктун маанилүү булагы болгон бийлердин сотунун практикасы менен толукталып жана өзгөрүлүп келген. Ошентип, бий наамын алып жүргөн адам чындап эле бийликке жана абройго ээ болуп,чечимди чыгаруу үчүн гана эмес, соттук чечимдердин аткарылышын камсыз кылуу үчүн да эрежеде каралган жоболорду жакшы билген адам болуусу керек. Ошондуктан бий өзүндө уруу башчысынын да, соттун да, жер-жерлердеги административдик бийликтин да функцияларын айкалыштыра алуусу керек эле. Ушуга байланыштуу Кыргызстандагы бийлердин сотунун тарыхый тажрыйбасын окуп-үйрөнүү чоң кызыкчылыкты жарат.

Эрежеде уурулук, тоноочулук, башка бирөөнүн мүлкүн тартып алуу, барымта, жасалма документ жасоо жана башка кылмыштарга жаза ченемдери аныкталып, кылмышты оорлотуучу жана жеңилдетүүчү жагдайлар көрсөтүлгөн. Мисалы, эгерде ууру биринчи жолу кылмыш кылса, жанында куралы жок болсо, анда жаза ченемдери жеңилдетилген. Кызмат адамдары башкалардын ден соолугуна же денесине жеңил жаракат келтирсе, анда 2 айдан 6 айга чейин түрмөгө камалышкан [4, 43-б.]. Мындан сырткары эрежелерде сөз же аракет аркылуу инсандын абийрине шек келтирүү, коомдук тартипти бузуу сыяктуу кылмыштар да камтылган. Башка бирөөнүн абийрине шек келтирген адам 2 жумадан 1 айга чейин түрмөгө камалган жана капа кылган инсанга ат тартуулап, ийнине чепкен жапкан. Ал эми коомдук тартипти бузган адам кетирген чыгымдарды төлөгөн. Эгер кандайдыр бир уруунун өкүлүнө доо кетсе, анда анын коому башка уруудан айып төлөтүп, ал каражатты жолдорду оңдоого, көпүрөлөрдү курууга, боз үйдүн акчасын төлөөгө жумшалган. Айып көп учурларда мал менен төлөнүп, киреше, чыгаша отчету аймактык башкаруучуга тапшырылган. Эреженин укуктун булагы катары эң негизги мааниси анын кыргыз элинин байыркы доордогу жана кийинки мезгилдеги укуктук нормаларынын өзгөрүүсүн чагылдыра алгандыгында. Бийлердин кезексиз жыйналышы XIX кылымдын аягындагы кыргыз элинин саясий-укуктук абалын, адат укуктарын изилдөөдө чоң роль ойнойт. Эреженин негизги укуктук жоболорун үйрөнүү XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы кыргыздардын соттук жараяндарын, үй-бүлөлүк, жарандык, мүлктүк, кылмыш-жаза жана башка ар түрдүү кырдаалдарга байланышкан укуктук нормаларын түшүнүүгө шарт түзөт [3, 102-б.]. Жашоо көрсөткөндөй, бүгүнкү күндөгү жана келечектеги көптөгөн көйгөйлөрүн чечүүдө чоочун тажрыйбаны механикалык түрдө өздүк кылуу гана эмес, өздүк тарыхты көңүл коюп окуп-үйрөнүү да жардам берет.

Кыргыздардын Россиянын курамына кошулуусу кыргыз элинин тарыхый тагдырындагы өтө олуттуу окуя болду. Кыргыз урууларынын кубаттуу Россия мамлекетинин курамына кирүүсү объективдүү түрдө алардын жашоосунда белгилүү прогрессивдүү жылууларды алып келди.

Орто Азиянын аймагында Россия империясынын мыйзамдары: Россия империясынын мыйзамдарынын жыйнагы жана 1886-жылдагы Туркестан крайын башкаруу жөнүндөгү Жобо аракетке кирди.

Убактылуу жобого ылайык Кыргызстанда сот органдарынын төмөнкү тутуму иштей баштады:

1) Империянын жалпы мыйзамдарынын негизинде аракеттенүүчү сот (дүйнөлүк соттор);

2) Каада-салттар менен шариаттын нормаларын санкциялоочу жана алардын негизинде аракеттенүүчү сот (элдик сот).

Архивдик материалдар көрсөткөндөй, кыргыздардын орустар менен же кыргыздардын башка отурукташып калган элдин өкүлдөрү менен болгон жарандык-укуктук талаш-тартыштары дүйнөлүк сот тарабынан империянын жалпы мыйзамдарынын негизинде каралган. Убактылуу жобо кыргыздардын ич ара болгон жарандык иштерин буга эки тараптын тең макулдугу болгон учурда уезддик дүйнөлүк сот тарабынан каралуусуна тыюу салган эмес. Мындай

иштерди кароодо сот жергиликтүү каада салттарды жана империянын жалпы жарандык мыйзамдарын (1864-жылдагы Сот Уставы ж.б.) жетекчиликке алган [5, 28-б.].

Иштер дүйнөлүк соттор тарабынан жөнөкөйлөтүлгөн сот өндүрүшү тартибинде чечилген. Ар бир уездде жана шаарда бир нечеден болушкан дүйнөлүк соттор Юстиция министрлиги тарабынан чөлдүк генерал-губернатор менен макулдашуудан соң дайындалышкан жана иштен алынган. Дүйнөлүк соттун өкүмүнө же чечимине дүйнөлүк соттордун уезддик съездинде (аппеляциялык тартипте) жана эң акыры кассациялык тартипте Сенатта даттанууга мүмкүн эле.

Ошентип, дүйнөлүк соттордун сот өндүрүшү сот иштерин жүргүзүүнүн бардык стадияларында мыйзамдуулук боюнча тартипке салынып, Туркестан генерал-губернаторлугунун элдик сотторуна салыштырмалуу сот өндүрүшүнүн формасы жана стили боюнча прогрессивдүү кадам болгон. Бирок, архивдик материалдар күбөлөндүргөндөй [6, 506-б.], дүйнөлүк соттордун практикасында көп учурларда түпкү элдин соттук териштирүү боюнча кайрылуусу менен байланышкан олуттуу кыйынчылыктар пайда болуп жатты. Бул түпкү калктын көпчүлүгү заманбап Россия сот өндүрүшүнүн эрежелери менен тааныш эместиги, орус тилин билбегендиги жана билимсиз экендиги менен шартталган эле. Демек, ушул негиздер түпкү жашоочулардын дүйнөлүк сотторго соттук коргоо үчүн кайрылууларынын санынын төмөндөөсүнүн себеби болду. “Ереже” укуктун жазуу булактарына кирет. Ушуга байланыштуу адат укугунун жазуу булагы катары болгон, бүтүндөй адат укугунун жана жекече алганда жарандык сот өндүрүшүнүн нормаларынын калыптануу жараянында маанилүү роль ойногон “Ереженин” (Бийлердин өзгөчө съездинин эрежеси) өзгөчө маанисин белгилеп өтүү зарыл. Көпчүлүк элдердин укуктук адаттары бүгүнкү күнгө чейин изилденбей, илимий багытта иш алынып барылбай келет. Бирок адат укугу күчтүү регулятивдик баасын сактап, бир тараптан кайсы гана эл болбосун анын укуктук системасынын тарыхый калыптанышын, экинчи тараптан коомдун туруктуулугун камсыз кылуу үчүн анын негизги элементи катары жашайт.

**Адабияттар:**


1. Борубашов Б.И. Хрестоматия по истории государства и права Кыргызстана. - Том 1. - Бишкек, 2008.
2. Нурбеков К. История государства и права Киргизской ССCР. - Бишкек, 1999. - С. 64-65.
3. Борубашов Б.И. Государственно-правовое регулирование общественных отношений кыргызов в составе Российского государства в 1855-1917гг. (Историко-правовое исследование): Дисс. … д-ра юр. н. - Бишкек, 2009.
4. Ереже Токмокского чрезвычайного съезда 1893г. // Материалы по истории государства и права Казахстана. - Алма-Ата, 1994. - С. 25.
5. Российское законодательство X-XX веков. В девяти томах. Судебная реформа. / Под ред. Б.В Виленского. - Том 7. - М., 1991. - С. 28.
6. Казахстан Республикасынын Илимдер Академиясынын Философия жана укук институтунун Кол жазма фонду. Инв. №11. - 448-б. Инв. №12. - 506-б.